КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ

---

XXIX- чакырылыштын 1- (кезектүү) сессиясы

**ТОКТОМ №1/9**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

28-январь 2026-ж Чат-Кель айылы

**Электр энергиянын карызын жоюу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №126 токтому менен бекитилген «Жергиликтүү бюджеттерде каржылоодо турган мекемелердин керектөөчү электр энергиясы үчүн чыгымдардын республикалык бюджеттен каржылоо жөнүндө» Жобонун 6-пунктуна влайык “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жергиликтүү кеңештин чечимине ылайык жергиликтүү бюджетте турганбюджеттик мекемелердин керектөөчү электр энергиясы үчүн карызын жоюуга жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүп бере алат” жана Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 19-январындагы №02-01-10/319 каттын негизинде З.Кайназарова атындагы айылдык кеңеш

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. З.Кайназарова атындагы айыл аймагындагы жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин электр энергиясы үчүн пайда болгон карызды жоюу үчүн 70629 бөлүмүнүн 2231 беренесине 971,0 миң сом бөлүнсүн.
2. Ушул токтомдун аткарылышы З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүм башчысы А.Б. Мамырбаевага жүктөлсүн.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Б.Ибраимов**